*УДК.327.1.*
*DOI: 10.35254/bhu.2021.52.17*

***Алимахунов А.***
*Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин*
*К.Дикамбаев атындагы Дипломатиялык*
*Академиясынын аспиранты*

# КООПСУЗДУК ЖАНА АНЫН МАҢЫЗЫ

# БЕЗОПАСНОСТЬ И ЕГО СУЩНОСТЬ

# SECURITY AND ITS ESSENCE

***Аннотация:*** *Бул макалда автор тарабынан Кыргызстандагы маалымат талаасын өнүгүү деңгээли коомдун негизги коомдук-саясий, экономикалык жана маданий чөйрөлөрүнө чечүүчү таасир тийгизери жана ал тармактардын өнүгүүсү коопсуздук түшүнүгүнө көз каранды экендиги каралды. Ошондуктан, масс-медианы реформалоо процесси мамлекеттен улуттук-маалыматтык мейкиндиктин калыптанышында, Кыргыз Республикасында маалымат коопсуздугун камсыздоого өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Ар багыттагы илимдерде калыптанып калган коопсуздук менен байланышкан негизги түшүнүктөр боюнча көз караштарды талдоо менен бирге "коопсуздук" түшүнүгүнүн эки негизги маңызы белгиленген. Илимий изилдөөлөрдө "коопсуздук" түшүнүгү көп баскычтуу система катары аныкталгандыгын жана "коопсуздук" түшүнүгүнүн өзөгүндө коомдук системанын туруктуулугу, ишенимдүүлүгү жана өнүгүүсү жатат деген тыянак аныкталган. Жалпысынан, коопсуздук деп коркунучтардан коргонууну камсыздоого багытталган иш-чаралардын топтомун түшүнүүгө болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *мамлекет, коом, маалымат, коопсуздук, мейкиндик, саясий, коркунуч, чакырык, абал.*

***Аннотация:*** *В данной статье автор считает, что уровень развития информационного поля в Кыргызстане оказывает решающее влияние на ключевые социально-политические, экономические и культурные сферы общества, и развитие этих секторов зависит от понятия безопасности.*

*Поэтому процесс реформирования масс-медиа требует от государства особого внимания к формированию национального информационного пространства, обеспечению информационной безопасности в Кыргызской Республике. Наряду с анализом взглядов на основные понятия безопасности, которые сложились в различных дисциплинах, определены два основных значения понятия «безопасность». Исследования показали, что концепция безопасности определяется как многоуровневая система и что концепция «безопасности» основана на стабильности, надежности и развитии социальной системы. В целом безопасность можно понимать как комплекс мер, направленных на обеспечение защиты от угроз.*

***Ключевые слова:*** *государство, общество, информация, безопасность, пространство, политическая, вызовы, угрозы, состояние.*

***Resume:*** *In this article, the author believes that the level of development of the information field in Kyrgyzstan has a decisive impact on the key socio-political, economic and cultural spheres of society, and the development of these sectors depends on the concept of security. Therefore, the process of reforming the mass media requires from the state special attention to the formation of a national information space, ensuring information security in the Kyrgyz Republic. Along with the analysis of views on the basic concepts of security that have developed in various disciplines, two main meanings of the concept of "security" are defined. Research has shown that the concept of security is defined as a multi-level system and that the concept of "security" is based on the stability, reliability and development of the social system. In general, security can be understood as a set of measures aimed at providing protection against threats.*

***Key words:*** *state, society, information, safety, space, political, challenges, threats, state.*

Кыргызстандын көз карандысыз мезгили демократиялык маалымат талаасын түптөө алкагын аныктоого жардам берет. Маалымат талаасын өнүктүрүү деңгээли коомдун негизги тармактарына: коомдук-саясий, экономикалык жана маданий тармактарына чечүүчү таасир тийгизет. Бул деңгээлден адамдардын жүрүм-туруму, коомдук-саясий кыймылдардын калыптануусу, коомдук коопсуздуктан көз каранды. Ошондуктан көз карандысыздыкка ээ болуунун өзү жана анын маани-маңызын жана саясий процесстерге карата багытын акдап-түшүнүү келечектеги өнүгүүнүн багытын аныктады. Көз карандысыз мамлекет деген салттык калыптанган түшүнүк геосаясаттын жаңы мыйзам ченемдүүлүктөрү жана бардык түзүүчүлөрү менен бирге ааламдашуу процесси менен толукталышы керек. Бул мыйзам ченемдүүлүктөрдүн пайда болушу коомдук баалуулуктардын жаңы системасына ылайык мейкиндиктеги геосаясий борборлордун абалынын, территориялардын, ресурстардын өзгөрүшү менен байланыштуу болгон.

Буга байланыштуу көз карандысыздык жылдарында тигил же бул окуя жана кубулуштарды, мындан тышкары дүйнө коомчулугунда биздин жаш мамлекетибиздин трансформациялануу мезгилиндеги саясий процесстерди реалдуу чагылдыруунун ар түрдүү демократиялык ыкмалары калыптанган. Базар мамилелеринин түптөлүшү менен мүнөздөлгөн бул трансформациялануу мезгилинде маалымат талаасынын кызматкеринин ишмердүүлүгү, жалпы эле ата мекендик маалымат тармагындагы маселелердин жалпы катмары толугу менен жаңыча калыптана баштаганын белгилей кетели. Масс-медианы реформалоо процесси мамлекеттен улуттук-маалыматтык мейкиндиктин калыптанышына, Кыргыз Республикасында маалымат коопсуздугун камсыздоого өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Биздин өлкөнүн аймагында жана анын чегинен тышкары жерлерде маалымат алуу, сактоо жана жайылтуу ыкмалары биринчи кезекте каржылык, техникалык, коммуникативдик жана саясий мүмкүнчүлүктөр менен байланыштуу. Кыргызстан көп улуттуу өлкө болуп саналат, ошондуктан улуттук-маалыматтык саясатты иштеп чыгууда азчылык улуттардын кызыкчылыктарын жана каалоолорун эске алуу зарылчылыгы бар.

Коопсуздук маселелери боюнча көптөгөн илимий булактарды талдоо иши бул татаал жана көп тармактуу кубулушту изилдөөнүн ар түрдүү теориялык-методологиялык ыкмалары жараткан.

“Коопсуздук” деген түшүнүк оз мезгил талабына ылайык белгилүү бир зарылдыктын негизинде калыптанган. Ошондуктан аталган маселени изилдөө иштерин коопсуздук менен байланышкан негизги түшүнүктөр боюнча ар кайсы илимдерде калыптанып калган көз караштарды талдоодон баштоо зарылдыгы бар десек болот.

Лингвистикалык багытта коопсуздук – бул коркунучтун жоктугу, сакталгандык, ишенимдүүлүк. [1,с.107] В.И.Дальдын түшүндүрмө сөздүгүндө ушундай аныктама берилет.

Ал эми, орус окумуштуусу С.И.Ожегов “Коопсуздук – эч кимге, эч нерсеге коркунуч келтирилбеген абал” [2, с.74] деген аныктаманы берип кеткен.

Коопсуздук маселелерине окумуштуулар өз пикирлерин чагылдырып келишкен, жыйынтыгында 1891-жылы жарык көргөн Ф.А.Брокгауз менен И.А. Евфрондун энциклопедиялык сөздүгүндө коопсуздук (жеке жана мүлк коопсуздугу) адам өнүгүүсүнүн негизги кепилдиги катары каралат. Сөздүктүн авторлору аны мамлекеттин жаралуу себеби жана жашоо маңызы катары эсептешет.

Коопсуздук айрым бир жарандарды болсун, ошондой эле коомду жана бүтүндөй мамлекетти кооптондурган коркунучтун алдын алуу аркылуу жаралат.

Коопсуздук бир катар иш-чараларды ишке ашыруу жолу менен камсыздалат. Башкача айтканда, бул учурда коопсуздук деп мамлекеттин ишмердүүлүгү багытталган максатка жетүүнү түшүнүүгө болот.

Саясий илимдердеги коопсуздук категориясына талдоо жүргүзсөк, коопсуздук системасы ар кыл маалыматтардын мамлекеттик, улуттук, чек ара, суу, саламаттыкты сактоо, жол ж.б. түрдүү коркунучтардан адамдарды коргоого багытталган ар кандай каражаттар же ыкмаларды түшүнүүгө болот. Жалпысынан, коопсуздук деп коркунучтардан коргонууну камсыздоого багытталган иш-чаралардын топтомун түшүнүүгө болот.

Ал эми, эл аралык мамилелерде коопсуздук корголгон абал катары аныкталат жана эл аралык мамилелердин акторлорунун иш-аракеттеринин коопсуздукту калкты үзгүлтүксүз коргоого багытталган көп аспектүү кубулуш экендиги өзгөчө белгиленет.

Ошентип, “коопсуздук” түшүнүгүнүн эки негизги маңызын белгилесек болот, аларга:

**Биринчиден,** коопсуздук – бул тынчтыктын, бейкуттуктун, бекемдиктин, ошондой эле коркунучтан жана кооптонуудан кутулуу, бошонуу шарты же абалы.

**Экинчиден,** коопсуздук дегенде коргоо жана сактоону камсыздоочу субъектилерди же иш чаралардын биримдигин түшүнүүгө болот. Бул учурда коопсуздук бир калыптагы тынч, жайбаракат, ишенимдүү жашоо, аны менен катар аны камсыздоочу иш-чаралар, шарттар эсептелерине көңүл буруу зарыл. Анткени, коопсуздук кооптонуу жана коркунучтардын жоктугу катары да каралышы мүмкүн.

“Коопсуздук” түшүнүгүн чагылдырган илимий-теориялык адабияттарды ар тараптуу талдоого алсак, түшүнүк катары төмөнкүдөй маанилерин бөлүп көрсөтсөк болот.

**Биринчи мааниси:** коопсуздук бул тынчтык, бекемдик жана ишенимдүүлүк шарт чагылдырат. Башкача айтканда, инсан, коом, мамлекет коркунучтан коргонуу шарттарынын толук камсыздалынышын, ошондой эле ар бир жарандын, өлкөнүн, мекеменин кызыкчылыктарын чакырыктар менен кооптонуудан сактоого багытталган ар кыл багыттагы тийиштүү иш-чаралар менен камсыздалгандыгын сезиши менен бирге тынчсыздануудан арылуу, коркунучтан корголгондугун сезип-туюушун же коркунучтун жоктугун сезген абалдарды чагылдырат.

**Экинчи маанисинде чет өлкөдөн келген тымызын чакырыктар менен коркунучтардын** корголгондукту камсыздаган абал катары кабылданат. [3]

Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, коопсуздук – бул ар түрдүү иш-аракеттер аркылуу ишке ашырылуучу корголгондук абал болуп эсептелет, ошондуктан ал:

- коркунучтан сактоону камсыздоого багытталган иштер;

-коркунуч жана опузалардын жоктугу;

-жетишилген туруктуулуктун сапаттуу деңгээли.

Ошентип, жогоруда белгиленгендей "коопсуздук" түшүнүгү татаал, көп тармактуу кубулуш деп белгилей кетсек болот.

"Коопсуздук" өзгөчөлөнгөн маанисин орус окумуштуусу И.А.Лазарев берип кеткен. Анын пикири боюнча "коопсуздук" коомдук объектинин (системанын) жашап кетүүсүнүн ишенимдүүлүгү катары түшүндүрүлөт. Академик И.А. Лазарев тарабынан сунушталган аныктама боюнча, коопсуздук – бул коомдук табияттын объектилеринин жашап кетүүсүнүн жана алардын туруктуу өнүгүүсүнүн ишенимдүүлүгү. [4, с.77]

Илимий изилдөөлөр тастыктагандай "коопсуздук" түшүнүгү көп баскычтуу система катары аныкталган. "Коопсуздук" түшүнүгү коомдун объекти-субъектилеринин коркунучсуз абалын мүнөздөөчү байланыш жана мамилелердин жыйындысы катары аныктайт, мында анын туруктуу, стабилдүү жашоосу, турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруусу жана ички жана тышкы коркунучтардан натыйжалуу коргонуу жөндөмдүүлүгүн чагылдырат. Илимий көз караштар тарабынан сунушталган аныктамалардан көрүнүп тургандай, "коопсуздук" түшүнүгүнүн өзөгүндө коомдук объектинин (системанын) туруктуулугу, ишенимдүүлүгү жана өнүгүүсү жатат.

Аскердик коопсуздук боюнча ата мекендик адис М.Бейшенов "коопсуздук бир жактуу, ич ара, жалпы болушу мүмкүн" деп эсептеп, анын төрт деңгээлин бөлүп карайт:

- жеке коопсуздук (өздүк деңгээлде);
- улуттук коопсуздук (мамлекеттик деңгээлде);
- аймактык коопсуздук (аймактык деңгээлде);
- жалпы коопсуздук (ааламдык деңгээлде)». [5,с.15]

Саясат таануу багытында коопсуздук – бул "инсандын, коомдун өтө маанилүү кызыкчылыктарын ички жана тышкы коркунучтардан корголгондугунун кепилденген абалы" [6] деп аныкталат.

"Маалымат" термининин илимий категория катары күндөн-күнгө саясий, экономикалык жана юридикалык мааниси кеңейүүдө. Бул, баарынан мурда, коомдун жашоосуна маалыматтын, маалымат чөйрөсүнүн таасири өскөндүгү менен шартталат.

Цивилизациянын өнүгүүсүнүн ар кыл баскычтарында "маалымат" термини коомдогу өзүнүн "ролуна жараша" өзгөрүүлөрүнө кабылган, анткени, маалыматты дайыма үчилтик түрүндө сунушталышы мүмкүн:

1) жашоо үчүн зарыл маалымат, б.а. адамдын жашоосу үчүн зарыл болгон маалыматтар менен камсыз болушу;

2) керектөөчүлүк маалымат, б.а. коомдогу ар кыл группаларга, жамаатарга, жана топторго багытталган маалыматтар;

3) жалпы маалыматтар, б.а. мамлекеттик, жалпы коомчулукка багытталган маалыматтар.

Ошентип, ар бир мамлекеттин эл аралык мамилелердин толук кандуу актору катары таанылуусунда улуттун, жарандын, коомдун ар бир чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыздоого багытталган иш-аракеттеринин негизинде гана таанылышы мүмкүн.

***Адабияттар***

*1. Даль В.И. Толковый словарь живого русского языка. –М., Т. 1, с. 107.*

*2. Ожегов С.И. Словарь русского языка. –М., 1960, Т.1, с.74,*

*3. Бруз В.В. Историография исследования проблемы безопасности «Военная мысль» № 06.2004г. http://militaryarticle.ru/voennaya-mysl/2004-vm/9361-istoriografija-issledovanija-problemy-bezopasnosti кирүү: 12.04.2020.*

*4. Лазарев И.А. Проблемы глобальной безопасности. –М, РАН. ИНИОН, 2005., с.77*

*5. Бейшенов М. Безопасность Кыргызстана.-Б., 2015, с.26*

*6. Закон Кыргызской Республики «О национальной безопасности» от 26.02.2003 г.*

***Рецензент: к. филос. н., Бекбоева А.***